***Колдошев Мисирали Колдошевич,***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,***
***Ош Мамлекеттик университети,***
***Ош шаары, Кыргыз Республикасы***

# МАНАС МЕНЕН ОРГО ХАНДЫН КАРМАШУУ ОКУЯСЫНЫН ТАРБИЯЛЫК САБАКТАРЫ

***Колдошев Мисирали Колдошевич,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Ошский Государственный университет,***
***город Ош, Кыргызская Республика***

# ВОСПИТАТЕЛЬНЫЙ АСПЕКТ СОБЫТИЯ СТОЛКНОВЕНИЯ МЕЖДУ ВОЙСКАМИ МАНАСА И ОРГО ХАНА

***Koldoshev Misirali Koldoshevich,***
***candidate of pedagogical sciences, associate professor,***
***Osh State University,***
***Kyrgyz Republic, city of Osh***

# THE EDUCATIONAL ASPECT OF THE EVENT OF THE CLASH BETWEEN THE TROOPS OF MANAS AND ORGO KHAN

***Аннотация:*** *Сунушталган илимий макалада ата-бабалар байыртадан конуш алган кыргыз жерлерин тышкы баскынчылардан Манас баатырдын этап-этабы менен бошотуу окуялары мүнөздөлүп, Манастын жоокерлерине карата катуу каршылык көрсөтүү жана баатырга кыйраткыч сокку уруу максатында Орго хандын аскерлеринин даярдык көрүүлөрү баяндалат. Бирок соңунда, эки каршылашкан тараптардын масштабдуу аскердик кагылышуусу Оргонун талкалануусу менен аяктайт. Айыгышкан урушта Орго хан өлүм таап, анын аялы Санамкүл зор тартуу, белек менен Манаска келип жан соогат сурап, эки баласынын эсен-амандыгын тилеп, анын бир баласы Манаска эң жакын жан-жолдош – чоро болуп калган маанилүү көрүнүш каралат.*

***Аннотация:*** *В предлагаемой научной статье характеризуется событие поэтапного освобождения Манасом батыром исконно кыргызских земель от иноземных захватчиков, а также описывается, как Орго Хан стал заниматься подготовкой своих войск к оказанию сопротивления против войск Манаса, и нанести им сокрушительный удар. Но, дальнейший ход масштабных военных сражений между двумя войсками завершилось полным разгромом Орго Хана, и он в процессе военных действий нашёл смерть. Его жена Санамкул решила прийти к Манасу и ему поклониться с просьбой, чтобы её двоих детей не трогали, оставили живыми; она сказала, что очень высоко ценит геройство Манаса, а также его добрые человеческие качества. Один из её сыновей впоследствии становится очень близким сподвижником и лучшим джигитом Манаса.*

***Annotation:*** *The proposed research article characterizes the event of the phased liberation of the primordial Kyrgyz lands from foreign invaders by the batyr Manas, and also describes how Orgo Khan began to prepare his troops for desperate resistance against the Manas troops, and inflict a crushing blow on them. But, the further course of large-scale military battles between the two troops ended with the complete defeat of Orgo Khan, and he found death in the process of hostilities. His wife Sanamkul decided to come to Manas and bow to him with*

*a request that her two children should not be touched, left alive; she said that she highly appreciated the heroism of Manas, as well as his good human qualities. One of her sons later became a very close associate and the best horseman of Manas.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Манас, Орго хан, согушка даярдануу, улуу кармаш, келишим, гумандуулук, адилеттүүлүк, айкөлдүк.*

***Ключевые слова:*** *Манас, Хан Орго, подготовка к сражению, великое сражение, договор, гуманность, правдивость, велико-душие.*

***Key words****: Manas, Khan Orgo, preparation for battle, great battle, agreement, humanity, truthfulness, generosity.*

**Киришүү.** Манас баатырдын жоокер-лери көп жерлерди каратып алып, башкача айтканда бир мезгилдерде душмандын баскынчылыгына кабылган жерлерди бошотуп, Кер-Көлдөгү Орго канга Култаң аяр келип, «Куяс, Текес кандар Манастын колунан ажал тапты», – деп, эми сени көздөй келе жатканында жок сөзүмдүн жалганы дейт. Анын айтканына Орго айран таң болуп, жаң-жуңу Кулуска, Алтаңга, Ырдык аярга, Кеймен канга, Акунбешим баашага, Илебинге, Кашкел дуу-дуга, алты доргосун алдына чакырып, аларды ар кайсы жакка чаптырып, кабар айттырып, бачым аскер жыйноого буйрук берип, камданууга өтөт.

**Изилдөө методдору.** Окуяга байла-ныштуу тексттерди окуп-үйрөнүү, талдоо, «себеп-натыйжа» байланыштарын иликтөө, окуянын жүрүшүндө түзүлгөн жагдайларды бири-бирине салыштыруу, конкреттештирүү, синтездөө, жана башка ыкма-методдор илимий макаланын негизги жыйынтыктарын чыгарууну өбөлгөлөдү.

**Негизги мазмуну.** Орго менен акыл-дашпай, кеңешпей туруп, Соорун калдай ачууланып, жаалданып, оолугуп, Манас менен кармашууга жөнөйт. Соорун кыйынсынып, тоотпогондой мүнөз күтүп:

Кабылан Манас баатырды.

Урушмакка чакырды, – делет [1, 394-б.].

Манас менен Соорун жекеме-жеке беттешип, Соорун өлүм табат. Муну көргөн Соорундун аскери сүрдүгүп, амал-айласын таппай туруп калышат. Орго ханга кабар жетип, ага бир ооз кеңеш салбай туруп Манас менен кармашканына, Орго аябай капаланат. Соорундун жаман кепке калганына ызааланат.

Андан соң Орго хандын буйругу менен Манас менен кармашууга Алтаң жаң-жуңу барат. Жолдо Алтаңдын башын айлакерлик менен Көбүш аяр жулуп алып, өлүм таптырат. Минтип өзүлөрү катылган балбандарынын жалгыздан өлүп жатканына Орго арданып, анын жаны ачып, кейип, чечкиндүү түрдө аламан уруш баштоого буйрук берет.

Абдан катуу, аралашкан, кыргын уруш башталат:

Урушкан жери ушу элдин

Эки суунун арасы,

Тасманын сары талаасы, – деп айтылат [1, 398-б.].

Мусулман жана капыр журтунун улам бири-бирин сүргөн айыгышкан кармашы жүрөт. Эки жактын жоокерлеринин арасынан өлгөндөрдүн, жарадар болгондор-дун кейиштүү, жүрөк сыздаткан, жан ачыткан абалдары эпосто даана сүрөттөлөт. Буларды эл катары санабай, элге теңебей жүрдүк эле. Манастын эли күчтөнүп, түптөлүп алып, биздин дүмүрүбүздү казып курутту дешип, жеңилгенин моюнга алышат.

Арбын аскеринен ажыраган Орго жаң-жуң, доотай, дорго, дуу-дуларын чакырып, акыл кеңеш курат. Бала да болсо Манастын баатырдыгын белгилеп, ага тан берип, эгер менин кебимди туура тапкан болсоңор, Акунбешим баашадан жардамга аскер келгиче Манастан аз күнгө нөөмөт сурайын дейт. Тыныгуу алуунун абдан зарылдыгын белгилешип, Оргонун бул сунушун кубатташат.

Манастан нөөмөт сураган жагдай көңүл бурарлык:

- Баатыр, мен да сиздин атаңыздай болгон адаммын (*Оргонун 60 жашка чамалаган курагы жөнүндө кеп жүрүп жатат*). Ошол атаңызды урматтагандай менин да сизге жолдогон саламымды урмат менен кабыл алууңузга үмүт артамын. Далай жерлерди өзүңүзгө каратыпсыз. Биздин суранычыбызды четке кагып, бизди бүлүн-

дүрүп, талкалап кирсеңиз, сизге деген арманыбыз, ичтеги кегибиз менен калабыз. Андыктан, алды-артыбызды, чачылып-чабылган элибизди жыйып алганга аз күн нөөмөт бериңиз? – деген өтүнүчүн катчысына жаздырып, катка мөөр бастырып, Бодоң аттуу аярын Манаска аттантат.

Келген элчинин катын Ошпур окуп, аз күн нөөмөт сураган экен,

«Берeликпи, жокпу?» – деп, эр Бакай сүйлөп, Манас: «Көпчүлүгүң билгиле!» – деп, олтургандардын ой-пикир, сунушуна коёт [1, 401-б.].

Анда Кыргыл мындай кеп айтат:

- Аңдасак, Орго урушта аскеринин көбүн жоготуп, айласы кетип, куурап турган кези экен. Акунбешим баашадан жалынып жардам сураганы байкалат. Оргонун өтүнүчүнө макул болсокчу да, азыр суудан таңкыс тартып, кыйналып турабыз. Биз да бир суулуу жерин Оргодон сурайлык, – деген сунушун айтат:

«Макул айтат, Кыргыл!» – деп,

Манас сүйлөп калганы, – делет [1, 402-б.].

Бодоңго сый-урмат көрсөтүп, аш-тамакка тоюндуруп, аны Оргого кайтарганы айтылат. Оргодон сураган суулуу жерлер тез арада Манаска берилгени баяндалат. Окуяда «Түргөн», «Жергес», «Жыргалаң» деген жер аттарынын топоними берилген [1, 402-б.]. Мисалы, жер кесип берген үчүн «Жергес», ал эми «Жыргалаң» – деп аталышынын таржымалы болсо, ошо жерге келгенде жаратылыштын ажайып керемет кооздугуна суктанышкан жоокерлердин жыргап жатып калышына байланыштуу болушу айтылат. Ата-бабалардын топонимдерге чоң маани берип келгени, бул, «туулган жердин топурагы алтын» демекчи, келечек муундардын мекенчилдик сезимдерин, көз караштарын өстүрүүнүн баалуу каражаты болорун алар алдыртадан аңдап-билишкен.

Ар бир жердин, суунун, өзөндүн аталышы, өтүмүштөрүбүздү мүнөздөгөн факт, терең маанилүү, өзгөчөлүү тарыхый уламыш баян болуп эсептелет.

Оргого Акунбешим баашадан амбал Чулунун кол башчылыгы астында мол аскер жардамга келет. Аскерлердин келгенине Орго кубанып, аларды куттуктоо салтын мындайча:

Кырк миң алтын бул алып,
Алты атанга жамбы алып,
Амбалды тосуп камданып,
Капканын оозун ачтырып,
Кырк жың кызыл алтынды
Көпүрөнүн оозунан
Көп аскерге чачтырып, – деген кеп айтылат [1, 403-б.].

Чулуга көп аскери кырылганын айтып, абдан кейип Орго ыйлайт. Ошону менен бирге Манастан жети күн нөөмөт сураганын билдирип, анын өтүнүчүн Манас канаат-тандырганын, бул жагдайда Манастын чыныгы төрөлүгүн баалаганын, ага ыраазы болгон кебин улантат.

Убадалашкан жети күн өткөн соң, мусулмандын жоокерлери майдан жакка бет алышат. Кыргыздарды Оргонун аскерлери көрүп, дагы бир күн нөөмөт суроону чечишет. Орго хан катчыга катын жаздырып, Шөкөн менен Бодоң элчисин Манаска аттантканы айтылат. Манас Оргонун суранычына макул болуп, алардын элчисине бир шарт коюп кайтарат:

«Азыгыбыз азайды,
Атышаар болсо келсин – деп,
Эгер атыша албаса
Бир күндүк союш берсин!» – деп [1, 408-б.], Манастын койгон шартын Орго бат аткарат, башкача айтканда жоокерлердин бир күндүк союш тамагын көтөрүшөт.

Бир күн өтүп, эки каршылашкан жоо кан майданда маңдайлашкан көрүнүш мүнөз-дөлөт. Калмактардан Маңгүлүккө каршы кыргыздардан Карабек уулу Калдарбек жекеме-жеке сайышка чыгат. Маңгүлүк катуу жараланып, Алабайрак тулпарынын күлүктүгү менен өз тобуна кире качат. Анын качканына капаланган Салагал аттуу калмагы майданга атырылат. Калдарбектин каарына тура албай, андан оор жараланган Салагалдын да качканы баяндалат. Андан ары Калдарбек менен капырлардын Кашкел дегенинин ортосунда айгышкан жекеме-жеке кармаш жүрүп, алар аз болгондо жарым күнгө салгылашышат. Экөө тең бирин-бири жеңе алышпай, өз колдоруна кайтып барышат. Жеке кармашта айтылуу

Кыргылдын калмактын Жөңгөр балбанынын мойнун кылыч менен кесе чапканы, андан соң калмактын Сары кыяр аяры менен чабышкан жагдайы, ошентип, кырчылдашкан кармаш аярлардын өз ара чабышуусуна өткөн кырдаалдар тууралуу кеп жүрөт.

Мен суң кытай элинен болом деп, мыкты Коңур ат күлүгүн минип, каарданып айкырып, «келгениңди жутам!» дегендей айбат көрсөтүп, майданга чакырат. Анын чакырганын угуп, «Чак келбес өңгө адам!» – деп [1, 413-б.], Манастын өзү чыкканы айтылат. Катуу кармаштан соң Каткал ажал табат. Анын артынан «Алтың деген бир сундуң» [1, 414-б.], ал шилисине кылыч жеп, башы тулкусунан ажырайт. Аркасынан токтолбой Кубаң аттуу баатыры кармашууга чаптырып, адегенде Манас баатырды качырып кууганы, алардын күрсүлөр менен чабышкан жагдайы, соңунда Манастын чапкан күрсүсүнөн Кубаңдын өлгөнү баяндалат. Андан ары алардан жекеге чыгуучусу жок болуп, чыдамы түгөнүп, чаң-тозоңу буралган, аламан согушка бет байлашат. Майдандын чаң-тозоңу сапырылып, эки жоо кырылышкан көрүнүш мындайча мүнөздөлөт:

Кытай, кыргыз – эки журт
Кырылышкан эл болду,
Кызыл кан агып сел болду,
Чалпылдатып кан кечип [1, 416-б.].

«Натыйжада кан Орго да, Акунбешим падыша да Манастын жоокерлеринин мыктылыгын туура баалай албагандыктары баамдалат. Маселен, согуштун соңунда гана Акунбешим:

«Өжөрлөнгөн эл экен,
Өңкөй алаш уругу
Өлүмдү билбес неме экен» – деп, кыргыз-казактын кайратына тан берген жагдай кездешет» [4, 153-б.].

Салгылашта Орго хан өлүм тапкан соң, аскерлеринин качканы качып кутулуп, калганы багынып берүү чечимине келишет. Оргонун аялы Санамкүл бул оор жагдайда «ары ойлонуп, бери толгонуп» – дегендей, Манастын алдына чоң тартуу белек менен барып, ага жалынып-жалбарып, эки уулун эсен-аман коюусун тилеп, жан соогат суроо өтүнүчүн туура көрөт. Баатырдын алдына барган кезде, Санамкүлдүн Ырамандын Ырчы уул аттуу баласы домбурада мыкты кол ойнотуп, созолонуп мукам ырдап, талантын көрсөтөт. Анын мындай өнөрүн Манас жана Бакай аталарыбыз жогору баалашып, кубаттап колдошот. Соңунда Ырамандын Ырчы уул Манас баатырдын эң жакын жана мыкты чоролорунун бири болуп калганын зор каниет кылуу менен белгилегенибиз маанилүү.

Жогорудагы айрым сөздөргө төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет.

*Жаң-жуң* – команда берүүчү, генерал-губернатор [1, 1833-б.].

*Жаң-жуң* (кыт. цзянцзюнь; цзян – генерал, командачы; цзюнь – аскер, армия) – генерал-губернатор [2, 320-б.].

*Доотай* – аймактын башкаруучусу (кытайларга гана таандык айтылат).

*Дорго* – Эпосто: көбүнчө буйрук аткаруучу, кабар жеткирүүчү жасоол [1, 1833-б.].

*Дорго (моңг.* даруга – башчы, башкаруучу; калмактарда – айыл башчысы) – моңгол доорунда кан тарабынан шаарларды, аймактарды башкаруу үчүн дайындалган мансап титулунун аты [3, 181-б.].

*Дуу-ду* – кытайлардын административдик башкаруу системасындагы жогорку мансаптардын бири [1, 1833-б.].

*Калдай* – эпосто: кытай-калмак башкаруучуларынын жогорку мансаптарынын бири [1, 1834-б.].

*Амбал* – эпикалык душмандардын, айрыкча кытай өкүлдөрүнө таандык мансаптык даража [1, 1831-б.].

**Корутунду.** Жалпылап айтканда, таалим-тарбиялык көз караштa төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келүүбүз мүмкүн:

Биринчиден, Манас баатыр менен Орго хандын аскерлеринин ортосунда абдан оор, катуу, тагдыр чечээр кармаш окуясы баяндалат;

Экинчиден, каардуу душман болгонуна карабай, Манас Орго кандын өтүнүчүн четке какпай, туура кабыл алып, сураган жети күн нөөмөтүн берип жатат; мында Манастын жогору гумандуулук, адамгерчилик, кечи-

римдүүлүк сапаттарынын иш жүзүндө көрүнүүсү аңдап-туюлат;

Үчүнчүдөн, нөөмөткө макул болуу, бул, биздин оюбузча, Манас менен айгышкан кармашууга карата душмандын зор даярдык көрүү кадамдарынын туура эместигин алардын өзүлөрү аңдап-туюусуна, баамдоосуна, акыл калчоосуна берилген убакыт катары түшүнүүгө түрткү берүүсү мүмкүн;

Төртүнчүдөн, жеңилген душмандын атасыз калган жетимдерине, жесирлерине, кары-картаңдарына аёо сезимин билдирип, аларга тийбестигин айтып, өз жериңерде тирилигиңерди өткөрө бергиле деген Манастын кең пейилдүүлүк касиетин белгилөө маанилүү;

Бешинчиден, Орго хандын жубайы Санамкүлдүн арыз-муңун угуп, ага жан соогат берип, анын баласынын шыкдараметин татыктуу баалап, анын баласы Манаска жан жолдош-чоро болуп калганын көңүлгө түйүү максатка ылайыктуу.

**Адабияттар:**


1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / С. Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз. С. Мусаев. – Б.: Хан-Теңир, 2010. – 1840 б.
2. «Манас». Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Бийиктик плюс, 2015. – 1416 б.
3. «Манас» энциклопедиясы [Текст] / Башкы ред. А. Карыпкулов; Башкы ред. мүчөлөрү: И. Айтматов ж.б.; Ил.-ред. совет: Э. Абдылдаев ж.б.: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995. – 1-т: Аалам – «Манастын» музыкасы. 1995. – 440 б.
4. Колдошев, М.К. Калмак ханы Акунбешим менен Манас баатырдын кагылышуу окуясынын тарбиялык өңүтү / М.К. Колдошев // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Б.: 2020. – №3 (52). – 150-154-бб.


***Рецензиялаган:***
***Байгазиев С.О.,***
***филология илимдеринин доктору, профессор,***
***КББАнын академиги***